***Баткен облустук  статистика башкармалыгы***

# *Баткен облусунун*
# *социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-март*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

**Баткен-2025**

# Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөрү: -Закиров Ж.Д.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.
-Кожоев А.А.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2025-жылдын январь-март айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 21 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2025-жылдын 15-апрели.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# М А З М У Н У


| | | |
|---|---|---|
| **I** | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| **II** | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………….** | 5 |
| **III** | **Сектордук обзор……………………………………………………..** | 6 |
| | **Реалдуу сектор……………………………………………………….** | 6 |
| | Өнөр жайы………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым…………………………………………………... | 8 |
| | Турак жай......................................................................................... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш………………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу……………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу……………………………………………………... | 8 |
| | Кызмат көрсөтүү.............................................................................. | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| **IV** | **Мамлекеттик сектор….…………………………………………….** | 12 |
| | Финансы……………………………………………………………. | 12 |
| **V** | **Социалдык сектор……………………………………………………..** | 12 |
| | Демографиялык жагдай.................................................................. | 12 |
| | Калктын оорулары.......................................................................... | 12 |
| | Укук бузуулар................................................................................. | 13 |
| | **Тиркеме…………………………………………………………….** | 14 |

# ОБЛУСТУН 2025-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-МАРТ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2025-жылдын январь-март айларына 2212566,4 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 122,4 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2025-жылдын январь-март айларында 2538,3 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 100,9 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү 2024-жылдын январь-март айларында 642647,6 миң сомго барабар болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине карата 26,5 пайызга төмөндөгөн.

2024-жылдын январь-март айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 16537,0 чарчы метр болгон 124 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-март айларынын денгээлине салыштырмалуу 70,9 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 386300,1 миң сомду түздү

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 346,6 миң тонна жүк ташылып, 2024-жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 103,8 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 71266,6 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 105,1 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2025-жылдын январь-март айларында 8741173,1 миң сомду түзүп, 2024-жылдын январь-март айынын денгээлинен 10,3 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2025-жылдын январь-март айларында 6978401,9 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2024-жылдын январь-март айларынын деңгээлинен 10,3 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-март айларында 1762771,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 10,6 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-март айларында 2024-жылдын январь-март айларына салыштырганда 106,2 пайызды, ал эми өткөн жылдын декабрь айын 2025-жылдын март айына салыштырганда 102,2 пайызды түздү.

Облус боюнча 2025-жылдын февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 29399,3 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 14,0 пайызга өскөн. 2025-жылдын январь-февраль айларында бир айлык орточо эмгек акы 29109,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 11,1 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2025-жылдын январь-март айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериялуу дизентерия, ичегинин өткүр инфекциясы, кургак учук, өткүр респиративдүү оорууларынын өскөндүгү байкалат. Ал эми бактериялуу минингит, вирустуу гепатит А түрү, бруцеллез, эхинококкоз, гонорея, эпидемиялык паротит, жаныбарлардын тиштеп алуусу, аскаридоз жана котур оорууларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

Калктын негизги социалдык-демографиялык топторунун жашоо минимуму 2025-жылдын I кварталында облустун бардык калкы үчүн 8003,85 сомду түздү, ал эми эмгекке жөндөмдүү курактагы калк үчүн 8877,90 сомду, пенсия курагындагы калк үчүн 7032,14 сомду, балдарга 6932,69 сомду түздү.

## II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2025ж. январь-март айларында | 2025ж. март айы 2024ж. март айына карата пайыз менен | 2025-жылдын январь-март айлары 2024-жылдын январь-март айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 2212566,4 | 106,2 | 122,4 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 2538,3 | 101,5 | 100,9 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 642647,6 | 76,9 | 73,5 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 16537,0 | 72,4 | 70,9 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 346,6 | 101,5 | 103,8 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 71266,6 | 96,2 | 105,1 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 8741173,1 | 119,0 | 110,3 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 6978401,9 | 115,0 | 110,3 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 1762771,2 | 138,2 | 110,6 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 29109,0[1)] | 114,0[2)] | 111,1[3)] |
| Минималдуу керектөө бюджети (орточо эсеп менен калктын киши башына) сом менен, 2025-жылдын I кварталында | 8003,85 | - | 101,8 |

[1)] 2024ж. январь-февраль
[2)] 2024ж. февраль
[3)] 2024ж. январь-февраль

## III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

Баткен облусунда ээлик кылуучу субьектилердин саны 2025-жылдын 1-апрелине карата 85635 бирдикти түздү, анын ичинен 6,8 пайызы юридикалык жактар, 39,0 пайызы дыйкан (фермер) чарбалары, 54,0 пайызы жеке ишкерлер, 0,2 пайызын филиалдар түзөт.

| | Бардык катталгандары | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Бирдик | Жыйынтыкка карата пайыз менен | Ээлик кылуучу субъектилердин ичинен юридикалык жактар | Жыйынтыкка карата пайыз менен |
| **Баткен областы** | **85635** | **100** | **5882** | **100** |
| Баткен району | 12756 | 14,9 | 685 | 11,7 |
| Лейлек району | 33655 | 39,3 | 1345 | 22,9 |
| Кадамжай району | 17328 | 20,2 | 1886 | 32,1 |
| Баткен шаары | 6959 | 8,1 | 817 | 13,9 |
| Кызыл-Кыя шаары | 11998 | 14,0 | 785 | 13,3 |
| Сүлүктү шаары | 2939 | 3,4 | 364 | 6,0 |

Катталган юридикалык жактардын саны 2025-жылдын 1-апрелине карата 5882 субъектини түзүп, 2024-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 8,7 пайызга өскөн.

Катталган юридикалык жактардын жалпы санынын ичинен 15,2 пайызы мамлекеттик, 7,5 пайызы муниципиалдык, 77,3 пайызы өздүк менчикке таандык.

Баткен облусунун аймагында 2025-жылдын 1-апрелине карата жеке ишкерлердин саны 46327 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6,1 пайызга өскөн, дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 33426 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,1 пайызга өстү.

**Өнөр жайы.** Облус боюнча 2025-жылдын январь-март айларына 2212566,4 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 122,4 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 776690,3 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 35,1 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 857060,0 миң сомду же 38,7 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 532293,8 миң сомду же 24,1 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 46522,3 миң сомду же 2,1 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-март айларында 857060,0 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 153,4 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 314502,3 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 136326,6 тоннага көп көмүр өндүрүлгөн.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 776690,3 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 128,8 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 274824,3 миң сомду (көлөмдүн 35,3 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 21802,7 миң сомду (көлөмдүн 2,8 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 6434,5 миң сомду (көлөмдүн 0,8 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 361369,6 миң сомду (көлөмдүн 46,5 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 67988,0 миң сомду (8,8 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 44061,2 миң сомду (5,7 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-март айында өткөн жылдын январь айларына салыштырмалуу физикалык көлөмдүн индекси 129,8 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 18,2 пайызга, жаны бышкан нан 2,3 пайызга, тазартылган күрүч 5,3 пайызга, кондитердик азыктар 11,9 пайызга көп өндүрүлгөн.

*2025-жылдын январь-март айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 21802,7 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-март айларындагы денгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 165,5 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-март айларында 67988,0 миң сомдук продукция чыгарылды, индекси өткөн жылдын январь айларына салыштырганда физикалык көлөмдүн индекси 136,7 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-март* айларында 532293,8 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 72,7 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 46522,3 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 114,7 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын
үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




**<u>Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы.</u>** 2025-жылдын январь-март айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 2538,3 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 100,9 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 5873,0 тонна эт, 14198,5 тонна сүт, 2503,4 миң даана жумуртка өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 0,4, сүт өндүрүү 1,5, жумуртка өндүрүү 16,1 пайызга өскөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 1,3, Лейлек районунда 0,7, Кызыл-Кыя шаарында 0,3, Сүлүктү шаарында 1,5 пайызга жогорулаган. Ал эми Кадамжай району өткөн жылдын деңгээлинде калган, Баткен шаарында 3,8 пайызга азайган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 1,8, Кадамжай районунда 2,8, Лейлек районунда 0,4, Кызыл-Кыя шаарында 0,4, Сүлүктү шаарында 4,2 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен шаарында 5,1 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртканы өндүрүүдө Баткен району 20,7, Кадамжай району 6,9, Лейлек району 1,7, Баткен шаары 16,7, Кызыл-Кыя 0,2, Сүлүктү шаары 206,8 пайызга көп өндүргөн.

**Капиталдык салым.** 2025-жылдын январь-март айларында 642647,6 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2024-жылдын ушул мезгилине карата 26,5 пайызга төмөндөгөн. Капиталдык салымдар Кадамжай районунда 18,5 пайызга, Баткен шаарында 9,4 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 39,6 пайызга, Лейлек районунда 55,0 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 10,1 пайызга жана Сүлүлтү шаарында 4,0 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын республикалык бюджет жана калктын каражаты түздү.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




**Турак жай.** 2025-жылдын январь-март айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 16537,0 чарчы метр болгон 124 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 70,9 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 386300,1 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өздүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**Транспорт жана байланыш.** 2025-жылдын январь-март айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 346,6 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 103,8 пайызды түздү.

2025-жылдын январь-март айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 3604,6 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 71266,6 миң жүргүнчү-км түздү (2024-жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 105,1 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2025-жылдын январь-март айларында жеке жактардын транспорту жана Баткен, Кызыл-Кыя шаарларынын муниципалдык ишканалары тарабынан жүргүзүлгөн.

**Тейлөө рыногу.** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2025-жылдын январь-март айларында 8741173,1 миң сомду түзүп, 2024-жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 10,3 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 7115666,8 миң сом болуп 8,8 пайызга өскөн.

**Керектөө рыногу**. Соода, автомобилдерди, күйүүчү майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 6551421,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,2 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана күйүүчү майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 3045434,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 6,1 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 46,5 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-март айларында 11200,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 0,3 пайызга өскөн.

Күйүүчү майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-март айларында 2503184,4 миң сомду түздү, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,5 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) ушул жылдын январь-март айларында 6978401,9 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 10,3 пайызга өскөн.

**Кызмат көрсөтүү.** Үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 1762771,2 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 10,6 пайызга өскөн.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо 205306,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 1,9 пайызга өскөн.

Маалымат жана байланыш ушул жылдын январь-март айларында 30314,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,5 пайызга төмөндөгөн.

Финансылык ортомчулук жана камсыздоо ушул жылдын январь-март айларында 935250,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 9,1 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 53,0 пайызды түздү.

Кыймылсыз мүлк операциялары ушул жылдын январь-март айларында 83457,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,6 пайызга төмөндөгөн.

Илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк ушул жылдын январь-март айларында 70278,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 5,5 пайызга төмөндөгөн.

Мамлекеттик жана көмөкчү ишмердүүлүк ушул жылдын январь-март айларында 11039,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,7 пайызга өскөн.

Билим берүү ушул жылдын январь-март айларында 273404,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 18,9 пайызга өскөн.

Саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү ушул жылдын январь-март айларында 90367,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,2 эсеге өскөн.

Маданий, көңүл ачуу жана дем алуу ушул жылдын январь-март айларында 13407,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын дэңгээлинде калды.

**Эмгек рыногу жана эмгек акы.** Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2025-жылдын 1-апрелине карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 11583 адамды түздү, анын ичинен 8022 адам жумушсуздук статусун алган.

Жумушсуздук статусун алгандардын ичинен 2 адам жумушсуздук боюнча жөлөк пул алган. Март айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 159 адамды түздү. 2025-жылдын 1-апрелине карата 384 жумушчу орун болду. Бир бош жумуш ордуна 30 адам туура келди.

Облус боюнча 2025-жылдын февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 29399,3 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 14,0 пайызга өскөн. 2025-жылдын январь-февраль айларында бир айлык орточо эмгек акы 29109,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 11,1 пайызга өскөн.

Эмгек акы февраль айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу тоокен казуу тармагында, өнөр жайды кайра иштетүү тармагында, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, дүң жана чекене соода; автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды ондоо, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, финансалык ортомчулук жана камсыздандыруу, кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, административдик жана көмөкчү чарба, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу; милдеттүү социалдык камсыздоо, билим берүү тармагында, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, маданий көңүл ачуу, дем алуу тармактары боюнча өсүү болгон. Ал эми токой чарбасы, айыл чарба жана балыкчылык тармагында 1,9 пайызга, курулуш тармагында 39,2 пайызга жана информация жана байланыш 5,0 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2025-жылдын март айында 338,1 долларды түздү.

2025-жылдын 1-мартына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 2543,7 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 5,1 пайызга төмөндөгөн. Эмгек акы төлөө боюнча карыз Кадамжай районунда 34,0 пайызды, Кызыл-Кыя шаарында 66,0 пайызды түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)



**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 100,1 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 99,0 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 101,5 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2025-жылдын март айында өткөн жылдын март айына салыштырмалуу 110,2 пайызды түздү. Ал эми 2025-жылдын январь-март айлары өткөн жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 114,1 пайызды түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-март айларында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 106,2 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын март айын 2024-жылдын декабрь айына салыштырганда 102,2 пайызды түздү.

Ушул жылдын март айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорт ун 2,6 пайызга, 1-сорт ун 1,1 пайызга, уйдун эти 2,7 пайызга, койдун эти 1,2 пайызга, күн карама майы 0,9 пайызга кымбаттаган. Ал эми калган азыктар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумурт-ка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 96,4 | 93,1 | 98,9 | 95,1 | 113,3 | 100,0 | 100,0 | 88,0 | 112,0 |
| февраль | 103,4 | 101,9 | 100,0 | 100,0 | 105,5 | 107,0 | 100,0 | 100,2 | 101,4 |
| март | 102,6 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 102,7 | 101,2 | 100,0 | 100,0 | 100,9 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу картошка 8,2 пайызга, сабиз 4,2 пайызга жогорулаган, калган бардык азыктар өз ордунда калган.

**Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 109,5 | 150,5 | 112,0 | 72,0 | 86,0 | 100,0 |
| февраль | 100,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| март | 100,0 | 108,2 | 104,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын март айында өткөн февраль айына салыштырмалуу күйүүчү-майлоочу материалдар 1,1 пайызга, бензин 1,0 пайызга төмөндөгөн. Калган азык-түлүк товарлар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2025ж. февраль- марты 2024ж. февраль-мартына карата | 2025ж марты 2024ж. декабрына карата | 2025ж марты 2025ж. мартына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 99,8 | 100,0 | 100,0 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 94,2 | 100,0 | 100,0 |
| Бут кийим | 118,1 | 100,0 | 100,0 |
| Турак-жайларды күтүү жана ондоо үчүн материалдар | 103,7 | 100,0 | 100,0 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 109,1 | 100,0 | 100,0 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Катуу отун | 145,2 | 100,0 | 100,0 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 102,1 | 99,1 | 98,9 |
| Бензин | 102,1 | 99,1 | 99,0 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 101,3 | 100,0 | 100,0 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 125,9 | 100,0 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 111,4 | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 109,0 | 99,9 | 100,0 |

Өткөн айга салыштырмалуу үстүбүздөгү жылдын март айында бардык тейлөөлөр өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**
(пайыз менен)

| | 2025ж. январь-марты 2024ж. январь-мартына карата | 2025ж марты 2024ж. декабрына карата | 2025ж марты 2025ж. январына карата |
|---|---|---|---|
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 106,1 | 100,0 | 100,0 |
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | | | |
| Байланыш тейлөөсү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 112,0 | 100,0 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 131,4 | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 104,0 | 100,0 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 93,5 | 100,0 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

**Керектөө бааларынын индекси**
(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)



## МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**<u>Финансы.</u>** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2025-жылдын январь-февраль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 263,3 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 97,4 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 531,7 млн. сомду түзүп, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 22,7 пайызга, ал эми чыгашалар 16,6 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2025-жылдын январь-февраль айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2025-жылдын январь-февраль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 162,1 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшкөн. Жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 0,3 пайызга, товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 16,6 пайызга өскөн. Ал эми жер салыгы 23,0 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 31,7 пайызга, киреше жана пайда салыгы 0,6 пайызга, патенттин негизиндеги салык 21,5 пайызга азайган. Соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин көбөйгөнү байкалды. Алсак 2024-жылдын январь-февраль айларында жалпы кирешенин 7,0 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2025-жылдын январь-февраль айларында 9,3 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана проценттерден түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 68,7 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 29,2 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 5,4 пайызга төмөндөгөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2025-жылдын январь-февраль айларында 111,1 млн. сомду түзүп, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 4,8 пайызга төмөн. Чыгашалардын 58,6 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, 22,5 турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө, 18,9 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө жумшалды.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

**<u>Демографиялык жагдай.</u>** 2025-жылдын январь-февраль айларында Баткен облусу боюнча 2031 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 297 балага азайган), же калктын 1000 не 21,1 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 387 адам өлгөн (2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 79 адамга азайган), же калктын 1000 не алганда 4,0 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 1644 адамды, же 1000 кишиге 17,1 түздү.

2025-жылдын январь-февраль айларында 19 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 9,4 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 2 балага азайган.

**<u>Калктын оорулары</u>**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2025-жылдын январь-март айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериялуу дизентерия менен 11 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 83,3 пайызга өскөн, ал эми ичегинин өткүр инфекциясы менен 365 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 38,3 пайызга өскөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 650 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 34,2 пайызга, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 649 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 34,2 пайызга төмөндөгөн, ал эми эпидемиялык паротит менен 1 оорулуу адам катталган.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөнкүдөй байкалат* жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 139 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 19,7 пайызга, бурцеллез оорусу менен 7 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 53,3 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 5 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 37,5 пайызга жана аскаридоз менен 154 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,5 пайызга төмөндөгөн.

*Паразитардык оорулардан* котур оорусу менен 16 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 27,3 пайызга, гонорея оорусу менен 1 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 88,9 пайызга төмөндөгөн. Ал эми педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 10571 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 63,7 пайызга жана кургак учук менен ооруган 63 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,6 пайызга өскөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2025-жылдын январь-февраль айларында облус боюнча 157 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 33,8 пайызга же 80 кылмышка азайган. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; алдамчылык 16, ээнбаштык 6, уурулук 20, кызматтык кылмыштар 10, экономика тармагында 7 кылмыш, 5 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2025-жылдын январь-февраль айларында 136 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 9 адамга өскөн.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар 9, ишкерлер 1, эч жерде иштебеген жана окубагандар 105, мектеп окуучулары 5, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 6 түздү. Ал эми кызматкерлер катталган жок.

**Облустук статистика башкармалыгынын жетекчиси: С. Ысмайылов**

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| | Өнөр жайы | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү…………… | 15 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……….......................……….............. | 16 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……...........................................………............. | 16 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү……………………… ……………………………… | 17 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү……………………………………… | 18 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү...……………………….......... | 18 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 7 | Облустун аймактарында ишке киргизилген негизги фонддор........................................................................ | 19 |
| 8 | Облус боюнча негизги капиталга инвестициялар | 19 |
| 9 | Аймактар боюнча негизги капиталга каржылоонун булактары боюнча инвестициялар............................ | 19 |
| 10 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................ | 20 |
| 11 | Облус боюнча турак-жай курулушунун аткарылышы, …………………………………………………… | 21 |
| 12 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши.................................................................................. | 21 |
| | Транспорт | |
| 13 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү……………………………………………………. | 22 |
| 14 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 22 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 15 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………….. | 23 |
| | Керектөө рыногу | |
| 16 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…...............………........ | 23 |
| 17 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү, коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 24 |
| 18 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 24 |
| 19 | Калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүү, ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы................. | 25 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 20 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары ............ | 26 |
| 21 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, акыркы айда | 27 |
| 22 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, жыл башынан | 27 |
| 23 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында катталган жумушсуздар саны.................................................................................................................................... | 28 |
| 24 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында жумушсуздук статусун алгандар саны................................................................................................................................ | 28 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| 25 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………... | 29 |
| 26 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 29 |
| 27 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ………………………........ | 30 |
| 28 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ………………………....... | 30 |
| | Социалдык сектор | |
| 29 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү.......................................................................................... | 31 |
| 30 | Калктын төрөөлүү, өлүү жана табигий өсүүсү боюнча катышы...................................................…..... | 31 |
| 31 | Жаш балдардын өлүмү........................................................................................................................................ | 31 |
| 32 | Облус боюнча жаш балдардын өлүмүнүн катышы......................................................................................... | 31 |
| 33 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы........................................................................................... | 32 |
| 34 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы........................................................................................... | 32 |
| 35 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны……………………………………… | 32 |
| 36 | Катталган кылмыштар саны……………………………………………………………………….. | 33 |
| 37 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………. | 33 |
| 38 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………………. | 33 |

## РЕАЛДЫК СЕКТОР

## ӨНӨР ЖАЙЫ

Таблица 1. **Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2024-жылдын январь-март айлары**

( миң сом)

| | 2024 | 2025 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **1660666,2** | **2212566,4** | **122,4** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **529185,4** | **857060,0** | **153,4** |
| 1. Күрөн көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 374882,7 | 693332,9 | 176,5 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 152032,0 | 157740,0 | 92,6 |
| 3.Металл рудасын өндүрүү | | | |
| -түстүү металл рудасын өндүрүү | | | |
| 4. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 2270,7 | 5987,1 | 250,4 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **643663,8** | **776690,3** | **128,8** |
| 1.Тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 190975,5 | 274824,3 | 129,8 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 188493,3 | 204910,7 | 102,4 |
| -суусундук өндүрүү | 1519,2 | 68934,8 | - |
| -тамеки өндүрүү | 963,0 | 978,8 | 102,5 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 38689,1 | 21802,7 | 165,5 |
| -текстил өндүрүшү | 2285,4 | 2327,5 | 238,1 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 35358,3 | 17880,8 | 61,0 |
| -булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 1045,4 | 1594,4 | 166,7 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 7179,7 | 6434,5 | 102,8 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 6947,2 | 6214,5 | 102,9 |
| -басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 232,5 | 220,0 | 92,5 |
| 4. Химия өндүрүшү | - | 210,0 | 203,1 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 312234,6 | 361369,6 | 123,3 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 56964,9 | 67988,0 | 136,7 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 37620,0 | 44061,2 | 107,5 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **451839,6** | **532293,8** | **72,7** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **35977,4** | **46522,3** | **114,7** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2024-жылдын январь-март айлары**

.  (миң сом)

| | 2024 | 2025 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **1660666,2** | **2212566,4** | **106,2** | **122,4** |
| Электр энергиясыз | 1232702,2 | 1698944,8 | 130,6 | 139,9 |
| райондор: | | | | |
